2000-41

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ,
ИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

МАНАСТААНУУ ЖАНА КӨРКӨМ МАДАНИЯТТЫН
УЛУТТУК БОРБОРУ

Кол жазма укугунда

УДК 894.341 - 13(043.3)

КУРМАНБЕК ЖУМАЛИЕВ

# „МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ „ЖАКШЫЛЫК", „ЖАМАНДЫК" МАСЕЛЕСИНИН КӨРКӨМ ЧАГЫЛЫШЫ

**Адистиги: 10.01.09 - Фольклористика**

Филология илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук
даражаны алуу үчүн жазылган диссертациянын

# АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек — 2000

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ,
ИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ
МАНАСТААНУУ ЖАНА КӨРКӨМ МАДАНИЯТТЫН
УЛУТТУК БОРБОРУ

Кол жазма укугунда

УДК 894.341 - 13(043.3)

КУРМАНБЕК ЖУМАЛИЕВ

# „МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ „ЖАКШЫЛЫК", „ЖАМАНДЫК" МАСЕЛЕСИНИН КӨРКӨМ ЧАГЫЛЫШЫ

**Адистиги: 10.01.09 - Фольклористика**

Филология илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук
даражаны алуу үчүн жазылган диссертациянын

# АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек — 2000

Иш Бишкек Гуманитардык университетинин кыргыз адабияты кафедрасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| Илимий жетекчи: | Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз Республикасынын УИАнын корреспондент мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор Р. З. Кыдырбаева |
| Официалдуу оппоненттер: | Филология илимдеринин доктору, профессор Б. Абылкасымов<br>Филология илимдеринин кандидаты, доцент С. Бегалиев |
| Жетектөөчү мекеме: | Казак Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын М. Ауэзов атындагы Адабият жана искусство институту |

Диссертациялык иш 2000-жылы .................... саат ..........
Кыргыз Мамлекеттик Улуттук университети менен Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору алдындагы Д.10.00.101 Адистештирилген советтин жыйынында корголот.

Адрес: 720071, Бишкек, Чүй проспектиси, 265а, 4 этаж, 416-каб.

Диссертация менен Кыргыз Мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2000-жылы "______" ______________ жиберилди.

Адистештирилген советтин окумуштуу катчысы, филология илимдеринин кандидаты, доцент Ж. М. Рыскулова

## КИРИШҮҮ
## ЭМГЕКТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗҮ

__Изилдөөнүн актуалдуулугу__. "... кыргыз элинин бүткүл адамзаттык маданият казынасына кошкон баа жетсиз салымы"[1] болгон "Манас" эпосун иликтөө XIX кылымдын экинчи жарымынан башталып, бүгүнкү күндө да окумуштуулардын бүйрүн кызытып, назарын өзүнө буруууда.

Объективдүү кубулуштарды ой жүгүртүүнүн ар кыл формалары аркылуу чагылдырган теориялык көз караштардын мыйзам ченемдүү эволюциясы, түшүнүктөрдүн жекеден - жалпыга, жөнөкөйдөн - татаалга, конкреттүүлүктөн - абстрактуулукка имманенттүү, өөш-кыйыш өнүгүүсү менен катар, карама-каршылыктуу, чийеленишкен татаал жактары иликтенет.

"Манас" - бул жарык дүйнөдөгү жакшылык менен жамандыктын, өмүр менен өлүмдүн, күн менен түндүн тынымсыз күрөштөрүн тастыктаган, ошондой эле өткөн менен азыркынын байланышы, бул ааламдын бирдейлигин, оома-төкмө дүйнөнүн айлампа, күндөй-жердей түбөлүк экенин кулакка куюп, көздү ачып, төгөрөктүн таасири менен аруулукка, жакшылыкка, ынтымакка чакырган касиеттүү көркөм нарк.

"Манас" - адам акылын айран-таң калтырып, үзөңгүлөш жүргөн түбөлүктүү темалардын бири болгон - "жакшылык", "жамандык" маселесинин чагылышы анчейин эле куру кыялдан жарала калган жөнсүз бир нерсе эмес, ал айлана-чөйрөнү акыл-эстин токсон элегинен өткөргөн дүйнөнү таанып-билүүнүн түбөлүктүү тажрыйбасы.

"Жакшылык", "жамандык" деген эмне? Бул диаметралдуу карама-каршы турган өтө татаал антиномиялык түшүнүктөр айлана-

[1] Акаев А. Биз тирүүбүз, алоолонгон каныбызга буркан-шаркан күчүбүз кайнап-ташып, жалындаган от болуп күйүп жатыр! — Манастан мамлекеттүүлүккө карай. — Б.: Учкун, 1995. — 188-б.

чөйрөнү таанып-билүүдөн келип чыккан кандайдыр жалпы жыйынтык жана ойлоонун түпкү категорияларынын бири катарында гносеология менен логикада атамзамандан бери эле үзөңгүлөш жашап келе жатат. Бул түшүнүктөрдүн фольклористикалык, этикалык жана эстетикалык түпкү жагдайлары канчалык иликтенип келсе да, мезгил менен мейкиндиктин айкалышы менен туюнтулган практика шарттаган илимий көз караштардын сапаттык жаңы деңгээлге көтөрүлүшүнүн негизинде аталган проблема да башка бир түшүнүктөр сыяктуу эле, улам кеңири жана ачыгыраак такталып аныкталууда. Демек, түшүнүктөрдүн өсүп-өнүгүү мыйзам ченемдүүлүгүн серп салуу үчүн анын теориялык ойломдогу динамикасын, б. а. фольклористикалык, этикалык жана эстетикалык өнүгүүсүн изилдөө зарылдыгы кайрадан-кайра жаңыланып чыгып отурат.

**Проблеманын иштелген даражасы**. Эпосту изилдөө XIX кылымдын экинчи жарымынан тарта изилдөөчүлөр: Ч. Ч. Валиханов, В. В. Радлов, В. В. Смирнов, Алмаши Дёрдь тарабынан жүргүзүлсө, манастаануу өзүнчө илим катары XX кылымдын 20-жылдардын аяк чендеринен тартып калыптана баштаган. Буларга: П. Н. Фалев, М. О. Ауэзов, Е. Д. Поливанов, С. Клычков, М. Тарловский, В. М. Жирмунский, К. Рахматуллин, П. Н. Берков, А. Н. Бернштам, С. М. Абрамзон, М. И. Богданова, Б. М. Юнусалиев, Н. В. Кидайш-Покровская, А. С. Мирбадалаева, Р. З. Кыдырбаева, З. Мамытбеков, И. Молдобаев, С. Мусаев, С. Бегалиев, М. Мамыров, Э. Абдылдаев, Р. Сарыпбеков, К. Кырбашев, А. Жайнакова ж. б. окумуштуулар өздөрүнүн зор үлүштөрүн кошушту.

Жогорудагы аты аталган манастаануучулардан сырткары, кыргыз адабият, искусство ишмерлери, философтору менен жазуучулары: Т. Сыдыкбеков, Ч. Айтматов, А. Салиев, А. Табалдиев, К. Артыкбаев, К. Асаналиев, А. Акматалиев, М. Борбугулов, С. Закиров жана башкалар эпос жөнүндө илимий эмгектерин жаратышкан.



Манастаануу илимине чет өлкөлүк окумуштуулар: А. Инан, А. Т. Хатто, В. С. Виноградов, А. А. Петросян, Лауде-Циртаутас, Ху Чжень Хуа, Реми Дор, Элкей Маргулан, Рахманкул Бердибай, Энуэр Дериесэлин, Нариман Мухамедханулы ж. б. назарларын бурушуп, алардын кызыгууларын туудурууда.

Бирок, ошентсе да, манастаануу илиминде алигиче атайын иликтөөнүн объектиси боло албай келаткан маселелер да көп. Алардын бири - "Манас" эпосундагы түбөлүктүү жана орчундуу проблема болуп саналган "жакшылык", "жамандык" маселесинин көркөм чагылышы. Ырас, бул маселеге кайрылган эмгектер да жок эмес, бирок алардын көпчүлүгүндө жакшылык, жамандык түшүнүктөрү атайын изилдөөгө алынбай, тигил же бул маселеге байланыштуу учкай гана каралган. Бул бир.

Экинчиден, атамзамандан бери эле адам баласынын жашоо-тиричилигинде үзөңгүлөш жүрүшкөн бул түшүнүктөрдүн жалпы эле табият-маңызын аныктоо өтө кыйын.

"Жакшылык", "жамандык" элден-элге, кылымдан - кылымга карата абдан өзгөргөндүгүнө байланыштуу, көп учурларда бири-бирине карама-каршы да келген түшүнүктөр.

Маселенин карама-каршылыктуу, татаалдыгынан азыркыга чейин "жакшылык", "жамандык" түшүнүктөрүнө дефиниция берүү, анын статусун аныктоо боюнча жалпы көз караш жок. Түшүнүктөргө тикелей же кыйыр түрдө кайрылган илимий изилдөөлөрдө көбүнчө, тигил же бул маселелерге тиешелүү жагдайлары жалпы концептуалдык контекске керектүүлүгүнө ылайык гана бул проблемалар иликтенип келген. Демек, биздин диссертациялык ишибиз улуу "Манас" эпосундагы

"жакшылык", "жамандык" маселесин дал ушул өңүттөн караган алгачкы атайын изилдөө болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаттары жана милдеттери**. "Манас" эпосундагы "жакшылык", "жамандык" маселесинин фольклордук маанисин жана маңызын ачып берүү. Ал эми бул максатты жүзөгө ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттерди чечүү зарыл:

- "жакшылык" жана "жамандык" түшүнүктөрүнүн эволюциясын кеңири изилдөөлөрдүн негизинде чечмелөө;
- жашоо-турмушта үзөңгүлөш жүргөн "жакшылык", "жамандык" түшүнүктөрүнө карата көз караштардын мыйзам ченемдүү диалектикалык табиятын ачып көрсөтүү;
- Антик жана Шумер-Вавилон мифологиясын, Авестанын этикалык концепцияларын эске тутуу менен бирге, эпостун көркөм текстине таянуу негизинде "жакшылык", "жамандык" түшүнүктөрүнүн бөтөнчөлүгүн ачып берүү;
- бул түшүнүктөр тууралуу көз караштардын карама - каршылыктарын, өзгөчөлүктөрүн жана окшоштуктарын анализдөө;
- эпостун текстинде кездешүүчү ыр саптары менен айрым сөздөрдү, тектеш элдердин: бурят, казак, алтай, хакас ж. б. эпикалык чыгармалары менен, ошондой эле Орхон-Эне-Сай эстеликтеринин материалдары менен салыштырып, алардын ортосундагы жалпылык менен бөтөнчүлүктү көрсөтүү.

**Изилдөөнүн методу жана материалы**. Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизин дүйнөлүк философиядагы кеп болуп жаткан проблемага арналган эмгектер түздү. Алсак, Антик жана Күнчыгыш ойчулдарынын (Платон, Цицерон), классикалык немис философиясынын өкүлдөрүнүн (Г. В. Гегель, Ф. Энгельс), эл агартуучуларынын (Д. И. Фонвизин), Батыш (академик В. В. Бартольд) жана Чыгыш (индиялык Р. Б. Пандей) окумуштууларынын ж. б. эмгектери диссертациялык ишти жазууда зор роль ойноду. Муну менен катар "Манас" эпосу жөнүндө олуттуу ойлорун айткан окумуштуу, жазуучу ж.б. эмгектери да кеңири пайдаланылгандыгын атайы белгилей кетүү жөн.



Жалпы манастаануу илими, классиктердин эмгектери, биринчи кезекте, азыркы фольклористика илими тарабынан иштелип чыккан теориялык жалпылоолор, тыянак-жоболор диссертациялык иштин методологиялык негизин түзүп, маселени конкреттүү изилдөө процессинде салыштырма жана комплекстүү мамиле этүү ык-амалы колдонулду.

**Илимий иштин жаңылыгы**

- манастаануу илиминде биринчи жолу "жакшылык", "жамандык" түшүнүктөрү атайын конкреттүү изилдөөгө алынгандыгы;
- биздин элдин "жакшылык" менен "жамандыкка" карата көз караштары чыгарманын идеялык мазмунуна, образ системасына, көркөм сөз каражаттарына кеңири тексттик талдоо жүргүзүлдү;
- ар бир доор өз мезгилине тиешелүү "жакшылык", "жамандык" түшүнүктөрү көп өзгөрүүлөргө дуушар болгондуктан, алардан келип чыккан түшүнүктүн маңыздык негиздери изилденди;
- манастаануучулардын жекече ой жүгүртүү ишмердиктерин анализдөө натыйжасында алардын бул түшүнүктөргө карата болгон позициясы (фольклористикалык, этикалык, эстетикалык) ачылып айкындалды;
- "жакшылык", "жамандык" маселеси аң-сезимдин формасы катарында андагы орун алган мифологиялык, этикалык жана эстетикалык ой жүгүртүүлөрдүн эриш-аркак биримдиги такталып, анализге алынды;

- бул түшүнүктөрдүн диалектикасы аркылуу адам ойломунун чыгармачылык жана жаратуучулук мүнөздөрү, алардын карама - каршылыктуу жана татаал жактары далилденди;

- мезгил менен мейкиндиктин айкалышы мүнөздөлгөн түшүнүктөрдүн кырдаалга жараша концептуалдык өзгөрүүгө дуушар болуп турган табияты, алардын карама-каршылыктуу, чырмалышкан диалектикасы ырааттуу аныкталып, изилденген маселелер боюнча азыркы илимий дефиницияга толуктоолорду киргизүүгө конкреттүү материалдар сунуш кылынды;

- "ак" жана "кара" деген түшүнүктөр табигый түрдө "жакшылык" менен "жамандык" деген эстетикалык категорияларды толуктоочу, кошумчалоочу сүрөттөө каражаттары, компоненттери катарында каралды;

- соңку теориялык жетишкендиктердин негизинде эпосту билип-аңдоо аркылуу мурда колдонула элек илимий бүтүмдөр изилдөө практикасына сунуш этилди.

**Диссертациянын теориялык жана практикалык мааниси.** Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары жана негизги жоболору, тыянактары "жакшылык" жана "жамандык" маселесин жаңыча өнүттөн карап, иликтөөгө теориялык негиз болот. Бул жагынан алганда, диссертациялык иш бир гана манастаанууда эмес, жалпы эле кыргыз гуманитариясында аталган маселенин терең жана ар тараптуу чечилишине түрткү берет. Муну менен катар "жамандык", "жакшылык" түшүнүктөрүн "Манас" эпосунун негизинде системалуу-комплекстүү изилдөө аркылуу жалпы эле фольклористиканын диалектикалык өнүгүү логикасын тактоого да белгилүү бир деңгээлде шарт түзөт. Мындан сырткары, кеп болуп жаткан түшүнүктөрдүн динамикасын өздөштүрүү менен анын концептуалдык маңызын туюп-аңдоого жол ачылат.



Иш жогорку жана атайын орто окуу жайларында, мектептерде "Манастаануу" предмети боюнча лекцияларды, семинардык сабактарды, атайын адистик жана тандоо курстарды өтүүдө, ошондой эле аталган предмет боюнча окуу китептери менен куралдарын жазууда да көмөк көрсөтөт.

**Изилдөөнүн апробациясы**. Диссертациянын негизги жоболору жана анын тыянактары төмөндөгү илимий-практикалык конференцияларга угулду жана эмгектерде жарыяланды: Научно-методические проблемы преподавания гуманитарных наук в условиях реформы высшего образования. Материалы республиканской конференции, 1994; "Манас" эпосу жана дүйнө элдеринин мурастары аттуу Эл аралык симпозиумда, 1995; Алп манасчы С. Каралаевдин туулган күнүнүн 100 жылдыгына арналган Эл аралык илимий конференцияда, 1995; "Манас" эпосу коомдук аң-сезим жана маданият аттуу конференцияда, 1995; "Манас" эпосунун 1000 жылдыгына карата уюштурулган коомдук-гуманитардык илимдер боюнча конференцияда, 1995; "Манас" эпосу жана дүйнө элдеринин мурасы аттуу Эл аралык симпозиумда, 1995; Проблемы демократизации и гуманизации высшей школы. Материалы международной конференции, 1995; Түрк элдеринин тили жана адабиятынын актуалдуу маселелери аттуу Ч. Айтматовдун 70-жылдык мааракесине арналган Эл аралык илимий-практикалык конференцияда, 1999; Бишкек шаарындагы жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдеринин билимин өркүндөтүү семинарында 1999-жылы 8 баяндама жасалды. Жогорку окуу жайларында "Манастаануу" курсу боюнча өткөрүлүп келе аткан лекция жана семинардык сабактарда да иштин материалдары кеңири пайдаланылды.

Иш боюнча "Манас" эпосундагы "жакшылык", "жамандык" түшүнүктөрүнүн эпикалык формалары" аттуу илимий монография, " Легендардык ырчылар жана жомокчулар" (М. Жумалиев менен) илимий-по-

пулярдык эмгек, "Манастаануу" атайын курсу боюнча окуу программасы, "Манас" энциклопедиясынын I, II томдугуна үч макала жарык көрдү. Мындан сырткары, диссертанттын авторлугу менен "Манас" эпосундагы жалпы адамзаттык идеялар" аттуу жогорку окуу жайларынын студенттери жана кыргыз адабияты мугалимдери үчүн окуу куралы жазылган. Бир катар: "Кыргыз тилин жана адабиятын мектептерде окутуу" (С. Үсөналиев, Т. Молдогазиев менен), "Манасчылар боюнча түшүнүк берүү" (К.Абдыкадыров менен), "Манас" эпосунда жаштарды гумандуулукка тарбиялоо", "Улантуучу топтор үчүн тексттер жыйнагы" (С. Ботоканова, Ч. Мырзабаева менен), "Окутуунун жана тарбиялоонун актуалдуу маселелери" (С.Рысбаев, А.Үсөналиев ж. б. менен) аттуу методикалык колдонмолор менен жыйнактарда "Манас" эпосунун теориялык-практикалык жактары чагылдырылат.

Булардан сырткары "Эл агартууга" - 4, "Кыргызстан аялдары" журналына 1 макала жарыяланды.

Диссертациянын темасына байланыштуу 30 басма табак көлөмүндө эмгек жарык көрдү.

БГУнун бардык факультеттеринин студенттерине "Манастаануу" атайын курсу боюнча лекциялар окулуп, ал эми түркология факультетинин студенттери дипломдук жана курстук иштерди жазышат.

**Диссертациянын структурасы**. Киришүүдөн, үч главадан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

Биринчи глава 4 параграфтан, экинчи глава 5 параграфтан турат. Ал эми үчүнчү глава 2 параграфты ичине камтыйт.



## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

"Киришүүдө" тандап алынган теманын актуалдуулугу жана анын иштелүү деңгээлдери каралат. Изилдөөнүн максаттары жана милдеттери аныкталып, эмгектин теориялык, методологиялык жана практикалык негиздери көрсөтүлүп, изилдөөнүн илимий жаңылыгы белгиленет.

I главанын "Жакшылык", "жамандык" маселесинин фольклордук мааниси жана маңызы" аттуу биринчи параграфта алардын алган орду изилденет. Эпос пендечиликтин жакшы же жаман сапат-касиеттерин абсолютташтырып сүрөттөйт. Улуу эпостогу жүздөгөн каармандар жалпы жонунан: "жакшы", "жаман" деген антиномия - туюнтмалардын негизинде үч топко бөлүштүрүлүп, алар сенектей катып калган өлүмтүк элес эмес, тескерисинче динамикалуу, кырдаалга жараша кубулуп өзгөрө алган реалдуу адам турпатында анализденет.

Улуу эпос адамдык сапаттын гимнин ырдап, адамгерчиликтин туусун көтөрүп, аны бийик пафосто даңазалайт. Улуу эпосто ким өз өмүрүндө жакшылыкты аркалап сап тутпаса, анда ал жаман жолго түшөт. Андайларга: "Теңир ырайым кылбайт", - деген сыяктуу көрөңгөлүү ой баштан-аяк айтылат.

Эзелтеден келаткан айыгышкан карама-каршылык адам баласынын жашоо-турмушундагы кандай табигый көрүнүш болсо да, дал ошондой эле турмуштук антиномия "жакшылык" менен "жамандык" маселелеринин да негизги субстанциясы. Мындайча айтканда, эпикалык чыгарманын киндиги эң биринчи иретте турмуш менен туташ. Ошондуктан, жашоо бар жерде күрөш бар, жакшылык жана жамандык жашоо менен катар үзөңгүлөш жүрө турган мыйзам ченемдүү көрүнүш катары каралат.

Адам турмушун айгинелеп, андагы кайчылаш көрүнүштөрдү дааналап, болмушта байма-бай кездеше келген көрүнүштөрдүн нагыз маани-маңызын аныктап, жашоону ого бетер алга сүрөп, шыкактап турган түбөлүктүү, кыйла ойчулдар кыял чабыттаткан проблемалардын орчундуусу - жамандык менен жакшылык. Арийне, бул эки турмуштук кубулуш - кыйма-чийме өтмө катар байланыш аркылуу мүнөздөлүп, ар кыл көрүнүштөрдү мезгил менен мейкиндиктин алкагындагы тарых бүктөмүнө ылайык салмактап, баалап бага турган, философиялык көрөңгүгө ширелген түшүнүктөрдөн.

Улуу эпосто жарык дүйнөнүн жакшылык-жамандык, жыргал - кууралы, азап-тозогу тууралуу урунттуу ойлор аркылуу өмүр менен өлүм дихтомиясы, алардын кыл чайнашкан кармашы, өзгөчө өзөктүү идея катары өтөт. Адам турмушунун алмашкыс байлыгы өмүр, бул дүйнө, жарыкчылык-жакшылыкты, ал эми өлүм, тиги дүйнө, караңгылык - жамандыкты символдоштуруу менен философиялык - этикалык мазмунга эгедер болуп, глобалдуу маселелердин тегерегинде ой чабытталат.

"Ата журт, Мекен түшүнүктөрүнүн эволюциясы" аттуу экинчи параграфта Орхон-Эне-сай жазма эстеликтеринде, байыркы түрктөрдө, хакастарда, якуттардын олонхолорунда, сөздүктөрдө, ошондой эле "Манас" эпосунда "журт", "мекен" деген сөздөрдүн калыптанышы иликтенет. Окумуштуулар: А. Ф. Лосев, П. Н. Берков. Р. З. Кыдырбаева, О. Караев, Г. П. Григорьев, С. Мусаев, А. Акматалиев, Э. Абдылдаев, А. Жайнакова, К. Кырбашев, Р. Сарыпбеков ж.б. көз караштары анализге алынат.

"Ата журт" деген сөзгө караганда "Мекен" деген түшүнүктүн түпкү мааниси элдин аң-сезиминде калыптангaнга чейин кыйла убакыттарды ичине камтыйт. "Мекен" деген сөздүн алгачкы мааниси да эволюциялык өнүгүүнүн аркасында, улам кеңири отуруп, бара-бара конкреттүү боло баштаган.



Эпикалык чыгармаларда уруунун сакталышы, элдик баатырлардын укум-тукумунун уланышы, анын келечектеги тагдырынын жакшы же жаман болмогу касиеттүү чынарга байланыштырылат. Чынардын асман тиреп, бутактарынын кучак жайып өсүшү, жалбырактарынын бүрдөшү жакшылыктын, тескерисинче, анын тамырынын чирип, бутактарынын куурап, же жыгылып, же сынып калышы башкы каармандардын өмүрүнө байланыштуу сырдуу белги.

Эпосто башкы каармандар менен чынар катар коюлуп, бүтүндөй элдин же уруунун, уруктун же үй-бүлөнүн эң белсемдүү адамынын символу катары көрүнөт.

Элдин учкул кыялы менен толукталып келген эпосто байыркы элдин дүйнө түшүнүмү сакталып калган. Бүтүндөй эпостун тулкусуна сиңирилген негизги философиянын маңызы боюнча Манаска карата айтылуучу "асман менен жериңдин тиреөсүнөн бүткөндөй" деген саптар түз маанисинде, анын бийлиги космикалык дарактай үч бөлүккө (катмарга): а) жер үстүндөгү турмушка (кудайлар өлкөсүнө), б) жердеги турмушка (кадимки адамдар өлкөсүнө), в) жер алдындагы турмушка (өлүктөр өлкөсүнө) жетип, бүткүл ааламды өзүнө туташтырып турат.

Эпосто Талас - Манастын ата конушу, алтын бешиги, бул жарык дүйнөдөгү жердин соорусу, кооздуктун символу. Ал Манас баатырдын эпикалык ордосу гана эмес, ата-бабаларынын киндик каны тамган жери, өлкөсү, мекени, жоокерчилик замандын шартына ылайык, душмандан коргонууга, тескерисинче чабуул коюуга ыңгайлуу, аскердик стратегиялык мааниси бар жер.

Эпосто элибиздин Ата журту, Мекени канчалык бийик пафосто сүрөттөлсө, сөөк өчтүү душмандардын жерлери да Таластын көрүнүшүнөн ашса, ашып түшөт. Бирок, эч жеринен кем калышпайт.

Дүйнө элдерине кеңири белгилүү болгон байыркы эпикалык поэзиянын ичинен "Манас" эпосундагыдай Ата журттун, Мекендин улуулугун, түбөлүктүүлүгүн, ыйыктыгын, эң бир көз жоосун алган ажайып, кооз көрүнүштөрүн, жаратылыш байлыктарынын молдугун ары таамай, ары таасын, кеңири жана ар тараптуу сүрөттөө жагынан дүйнөлүк үлгүлөрдүн катарында турат.

"Достук проблемасынын көркөм эпикалык чечмелениши" аттуу үчүнчү параграфта эпостун чагылдырган доору эң байыркы мезгилдерге таандык болгондуктан, баатырлардын достошуусунда эң байыркы мезгилдердеги көп кудайга табынуучулук, б. а. анимизм, шаманизм, тотемизм, миф (табу) өңдүү ишенимдеринин элементтери менен катар, кечээки гана кирген ислам дининин канондору да иликтенет.

Дүйнөлүк философиянын генезисине көз чаптырсак, анда байыркы доордогу профилософиялык түшүнүктөрдүн калыптанышы табият кубулуштарына, жерге, көккө сыйынуудан башталгандыгын байкоого болот. Алсак, байыркы индиялыктардын "Ведаларында", байыркы Шумер мифологиясында ж. б. жалпы космос философиялык-этикалык объект катары таржымалданат.

Орхон-Эне-Сай эстеликтериндеги жазуулар менен "Манас" эпосундагы ыр түрмөктөрү мааниси жагынан кыйыр түрдө болсо да, бири-бири менен метафоралык жагынан үндөшүп, чабылып-чачылган уруулардын башын бириктирип, өз ара ынтымакка чакырып, уюткулуу эл кылгандыгы тууралуу идеялар чагылдырылат.

Манастын достору менен чоролору - ар түрдүү элдер менен уруулардын атуулдары. Алар: динине, улутуна, уруусуна, уругуна, тегине, тууган-туушкандарына, жашаган жеринин жакындыгына же алыстыгына карап дос болушпайт. Тескерисинче, адамгерчилигине, баатырдыгына, ишмердигине, өнөр-билимдүүлүгүнө, кесибине, даанышмандыгына, калыстыгына, чынчылдыгына ж. б. д. у. с. жакшы сапаттарынын аркасында гана дос болушат.



Өзгөчө Манас менен Алмамбеттин ортосундагы достук - көз караштардын, таламдардын жана максаттардын биримдигинин негизинде пайда болуп, мезгилдин катаал сыноосунан өткөн, кыйбастык сезим.

Эпосто достук - эмоциялуу, бекем, кыйбастык, терең сезим эле эмес, жалпысынан алганда бийик ыймандык, асылдык катары эсептелинген кеңири түшүнүк катары бааланат.

Баатырлардын акыреттик дос болуп туугандашуусу - "Манас" үчилтигине мүнөздүү болбостон, жалпы эле дүйнө элдеринин эпикалык чыгармаларына таандык салттуу темалардын бири. Эпикалык чыгармалардын байыркы үлгүлөрүнө кирген: алтай, тува, хакас, башкырт элдеринин чыгармаларында туугандашуунун алгачкы формалары сакталгандыгын учуратууга болот.

Дүйнөнүн элдери менен урууларында туугандашуунун ар кандай жолдору, инициациялары болуп келгендиги, "Манас" үчилтигинде эмчектеш тууган (дос) болуу ырымы: Манас менен Алмамбетти Чыйырдынын, Семетей менен Күлчорону Каныкейдин эмчектерин эмизгенинен да көрүнөт.

Бүт ааламды сел алат десе да, кебелип камырап койбогон айкөл Манасты досу Алмамбеттин өлүмү, тирүүлөй өзөгүнө өрт салып, жүлүнүн куйкалап, сай-сөөгүн сыздатып, жаратына жара кошуп, айыкпас дартка чалдыктырат.

Экөөнүн достугу эпосто эң бир ыйык, эң бир кол тийбес, эң бир кымбат, түбөлүктүү жана рухий достук, эң башкысы адамгерчиликтин эң сонун үлгүсү, турмуш чындыгы менен ширелишкен элдин прогрессивдүү ой-тилегинин айкын көрүнүшүнөн туулган, бири-бирине чын жүрөктөрү менен берилген - сезим катары бааланат.

"Эпостогу адам кастарлоо түшүнүгү" аттуу төртүнчү параграфта сүйүү жана махабат сезими – адам коомунун бардык мезгилдеринде өмүр сүргөн жана улам жаңы өлбөс-өчпөс идеялар аркылуу чыгармачылык менен байып келе жаткан "түбөлүктүү", "өлбөс-өчпөс" темалардын бири катары кол жеткис бийик, аруу сезим катары иликтенет.

Эпосто адамды бийик кастарлоо түшүнүгү дүйнө элдерине кеңири белгилүү болгон "Ромео менен Джульетта", "Тахир менен Зухра", "Лайли менен Мажнун", "Фархад менен Ширин", "Козу Көрпөш жана Баян сулуу" сыяктуу лиро-эпикалык чыгармалардын эч кимисинен кем калышпайт. Жогорудагы аты аталган чыгармалар менен "Манас" үчилтигин катар коюп, аны ак сүйүүнү, тунук махабатты кадырлап-кастарлап бийик даңазалаган эпос деп баа берүү бир караганда парадоксалдуу угулушу мүмкүн. Анткени, эпос баштан аяк кызыл кыргын, сары сүргүн уруштар менен чабуулдарга, согуштук жүрүштөргө негизделсе да ак сүйүүнү, тунук махабатты сүрөттөө жагынан дүйнөлүк гениалдуу лиро-эпикалык көркөм чыгармалардын арасынан да көрүнүктүү орунду ээлейт.

Эпосто адамзат баласынын жүрөк толтосунун эң күчтүү ички сезим кумарларынан жаралган ак сүйүүнүн, тунук махабаттын миң сырдуулугу, арыбас-карыбас улуулугу, өлбөс-өчпөс түбөлүктүүлүгү, көз кайкыткан бийиктиги, түпсүз тереңдиги, сары оору кылган убайымдуулугу, өтө татаалдыгы, үлбүрөгөн назиктиги, кол тийбес ыйыктыгы, эл оозунда айтылып жүргөн "күкүк менен зейнептей" бирин-бири көз ирмемге бир көрүүгө зар болгон кусалыгы, сагынычы же ашыгына жетпей зарлап, азап тартуусу, эң башкысы, сүйгөнүнө баш кошуу жөнүндөгү ой-тилектери, көздөгөн максаттары, кыялдануулары, үмүттөрү, фантазиялары, утопиялары Манас менен Каныкейдин, Алмамбет менен Бурулчанын образдары аркылуу чагылдырылат.



II главанын "Манастын образы" аттуу биринчи параграфта эпостун борбордук каарманы Манас - адам баласындагы адамгерчиликтин эң сонун үлгүлөрү менен эң жакшы сапаттарын алып жүргөн, ага татыктуу улуу инсан. Элибиз ай жана көл деген татаал сөздөн турган "айкөл" деген эпитетти Манастын гана керт башына ыйгарышып, жарыктыгын айга, тереңдигин көлгө салыштырышып, адам баласына таандык эң жакшы сапаттарды жалпылаштырып, "айкөл Манас" деген атка сыйдырышат.

Эпосто Манастын кара күчү, заардуу жүзү, айбаттуу сүрү, каардуу сөзү атайын аздектелип айтылуу менен анын сырткы келбетин, турпатын сүрөттөгөн сырткы эффект сөзсүз түрдө терең маңыздуу ички адеп-нравалык принциптер менен тамырлашып, баатырдын оюндагы эл-жер үчүн деген ички дух-ишеним, күч-жигер боюндагы ажыдаардай сүрдүүлүккө, арстандай айбаттуулукка, кабыландай каардуулукка жуурулушуп турат.

Манас – төгөрөгү төп, телегейи тегиз, эч кандай кемчилиги жок дегенибиз, албетте, натура. Манас адам баласына таандык терс көрүнүштөрдөн да куру эмес. Ал жөнү жок ишенчээк, алабарман, энөө, аркы-беркини элес албаган кенебес, ала көөдөк, таарынчаак, ачуусу чукул, тил албас көк, айрым учурда туура эмес болсо да, опсуз иштерди жасап жиберүү менен кубанганда же ачууланганда шашмалыгы да бар. Манаска таандык жогоркудай терс сапаттар, анын айкөлдүк, баатырдык, кемеңгерлик, адамгерчилик сыяктуу жакшы сапаттарын кемитпестен, кайра толуктап турат. Дал ушуга жараша ач көздүк, ичи тардык, көрө албастык, бой көтөрүүчүлүк, баскынчылык, зордукчулук сыяктуу жаман сапаттар – Манаска жат.

"Бакайдын образы" аттуу экинчи параграфта акылмандыктын символу болгон карыянын образы түрк элдеринин "Огуз-Намесиндеги" 550 жыл жашаган Коркут ата, түрк-монгол элдеринде туруктуу ай-

тылуучу каарман "Аксакал атчы", карель-финдердин "Калеваласындагы" Вейнемейнендер, гректердин Илиадасындагы ак чач Нестор, орто кылымдагы француз эпосундагы герцог Нем Бабарлык, калмактардын "Жангарындагы" Алтын Цөжи, "Сэсундук Давиддеги" Кери-Торос сыяктуу карт баатырлар менен эпикалык өкүмдарларга салыштырылып талдоого алынат.

Эпосто Бакайсыз эч бир маселе чечилбейт, эч бир иш анын катышуусуз бүтпөйт, Манас баш болгон баатырлар ага баш ийишип, буйругун аткарышат.

Элдин түшүнүгү боюнча эл-жерин коргоп, атасынын өчүн ала турган болочок баатырдын өмүрүн сактоодо, эрезеге жеткенде, душмандарынан өч алууда Бакай зор роль ойнойт.

Жыйынтыктап айтканда, манасчылар Бакайдын образы аркылуу элдик баатырдын акылман кеңешчиси, "үзүлгөнүн улаган, чачылганын жыйнаган, сайып жүрүп бак кылган, салып жүрүп там кылган, астында жүрсө ак жолтой, артта жүрсө, сан колдой" таянар тоосу, арка-бели, элдик баатырга жана анын укум-тукумдарына өмүрүнүн акырына чейин чын дили менен берилген акылман карыянын, жакшылык менен жамандыктарды алдын-ала көрө билген даанышман, тайгак кечүү, тар жолдо, кысталыш учурларда "капилетте сөз, караңгыда көз тапкан" көрөгөч, элдик баатырларды "ээрчитип жүрүп, эр кылып, эр уулу менен тең" кылып тарбиялаган камкор атанын, ошондой эле ак менен караны таразалай билген, кара кылды как жарган, калыс карыянын типтештирилген, өлбөс-өчпөс каармандын кейипкерин жаратышкан.

"Коңурбайдын образы" аттуу үчүнчү параграфта тууганбы же душманбы, доспу же каспы, оңбу же терспи, акпы же карабы, жакшы же жаманбы алардын сапаттары, кулк-мүнөздөрү, жүрүм-турум-



дары манасчылар тарабынан калыстык менен таразаланганы иликтенет.

Коңурбай - эл-журтунун намысы үчүн туулган баатыр, алп, согуш мезгилинде кол башчы, найзага ыктуу, жоонун айласын тапкан айлакер, уруш тактикасын мыкты өздөштүргөн адис, тескерисинче, баскынчылыгы, кытмырлыгы, митаамдыгы, амалкөйлүгү, арамзалыгы, анткашкан убадасына турбаган жүзү каралыгы жагынан башкалардан өзгөчөлөнүп турат.

Эпосто манасчылар тарабынан Коңурбай баатырлар менен бетме-бет сайышып, эрдик көрсөтмөк турсун, аларды көргөндө, астына түшүп качып жөнөшү, тескерисинче аламан согуш учурунда эпикалык баатырлар аңдабай же аялдабай турганда, капилеттен жашырынып келип, артынан кол салуусу, анын өмүр бою кесип кылган жаман адаттары, анын баатырдык, намыскөйлүк сыяктуу жакшы сапаттарын төмөндөтүп, чексиз күчүн жокко чыгарып, жек көрүү, шылдың сезимин пайда кылат.

Анын акыры элдик баатырдын колунан өлүшү: жамандыкты жакшылыктын, караны актын, адилетсиздикти адилетүүлүктүн үстүнөн салтанат курушу катары даңазаланат.

"Жакыптын образы" аттуу төртүнчү параграфта эпостогу жүздөгөн каармандардын ичинен өтө татаал, карама-каршылыктуу кейипкердин кулк-мүнөздөрү, кыял-жоруктары, жүрүм-турумдары кылган иш-аракеттери ачылып берилет.

Жомокчулар (манасчылар) Жакыптын кейипкери аркылуу керт башынын гана кызыкчылыгын ойлогон өзүмчүл, жанбакты, төрт түлүк малынын туягын бирден эсептеген малга кароо, сараң, ач-көз, дүнүйө-мүлк, көр оокат үчүн өз элинин эркиндигин, теңдигин садага чаап ийүүгө даяр турган чыккынчы, бийлик-мансап үчүн өз небересине уу

берип өлтүрүүдөн да кайра тартпаган: жүзү кара, мыкаачы, канкор, чоң атанын классикалык образын жараткан.

"Манас" үчилтигинде Жакыптын образы эволюциялык өнүгүү процессинде көрсөтүлөт.

Өзүнүн канынан бүткөн небересин уу берип, көзүн тазалаш үчүн бүткүл жан-дили менен күрөшкөн: жүзү кара, мыкаачы, таш боор чоң атанын акылман Бакайдын колунан курман болушу: жамандыкты жакшылыктын, караны актын, кара ниеттикти ак ниеттиктин, сарандыкты берешендиктин, ач көздүктү марттыктын, зулумдукту боорукерликтиктин, батылдыкты айкөлдүктүн, жүзү каралыкты адамгерчиликтин жеңиши катары даңазаланат.

"Кыргыл чалдын образы" аттуу бешинчи параграфта "Манасты" жараткан эл жакшылыкка жамандык кылуу, акты каралоо, жалганды чындай, чынды жалгандай кылып айтуу, түлкүдөй жойпуланган куулук, сымаптай мөлтүлдөгөн эки жүздүүлүк, койдон да момун болгон кытмырлык, ошондой эле уруу менен уруунун, айыл менен айылдын, адамдар менен адамдардын, элдик баатырдын үй-бүлөсүнүн ортосуна чагым салган ушакчылык, жумурткадан кыр таап, бөйрөктөн шыйрак чыгарган журт бузарлык сыяктуу эң жаман сапаттар менен кылык-жоруктарын ачып берүүдө элдик баатырдын кырк чоросунун бири Кыргыл чалдын классикалык образын жаратышкан.

Кыргыл чал – бирде куу, бирде баатыр, бирде тууган, бирде душман, бирде арамза, бирде жоош, бирде жинди, бирде таш боор, бирде боорукер, бирде сөзмөр, бирде кары, бирде жаш. Айтор, ал – ар бир шартка, кырдаалга, учурга ылайык миң кубулуп туруу менен сөзүнөн жыландын башын чыгарып, өзүнүн жүзүн, өңүн, кебетекешпирин өзгөрткөн эки жүздүү; азыркы тил менен айтканда, жеткен хамелеон. Манастын көзү өткөндө, анын үй-бүлөсүнө жабыр көрсө-



түп, жалгыз баласынын көзүн тазалоого бүткүл күч-аракеттин жумшайт.

Ал эми "Семетей" бөлүмүндө жакшылыкка жамандык кылып, аш бергенди таш менен уруп, эл-журттун биримдигин бузуп, чыккынчылык кылып, душмандарга баш оту менен сатылып, тегерегиндеги кырк чорону бөлүп-жарып, бал тилине салып азгырат.

Кыргыл чал сыяктуу өзүнүн гана керт башын ойлогон бул журт бузар чыккынчылардын эл тагдыры менен эч бир иши жок болгондуктан, бийлик, байлык үчүн жан аябай күрөшкөн мансапкорлор бүтүндөй эл-журтту, жерди кыйып ийүүдөн да кайра тартышпайт. Кыргыл чал канчалык түлкүдөй жойпуланып кууланбасын, сымаптай жылтылдап мөлтүлдөбөсүн, акыры элдик баатырдын колунан өлүм табышы чыныгы элдик жаза катары бааланат.

"Манас эпосундагы көркөм каражаттар" аттуу үчүнчү главанын биринчи параграфында "ак" жана "кара" деген түшүнүктөр табигый түрдө "жакшылык" менен "жамандык" деген эстетикалык категориялардын толуктоочу, кошумчалоочу сүрөттөө каражаттары, компоненттери катары каралат. Элдик эстетиканын интерпретациясы боюнча, маселен ак түс - жакшылыктын, ал эми кара түс - жамандыктын тамга белгиси. Эпостогу "ак", "кара" деген көркөм каражаттар да дал ушундай символикалык мааниге ээ.

"Манас" эпосунда "ак" деген сөз: "жакшы", "ырайымдуу", "жагымдуу", "касиеттүү", "ыйык", "колдоочу", "теңир, көк теңир, кудай", "ак жалга, теңир жалга, кудай жалга", "ак жазганын, акка моюн сунбасам, актан келген ажалга", "көкө теңир колдо. теңир колдо, кудай колдо. кудай үстүн кыл. кудай жаратсаң", "ак урсун, ак сүтүм урсун, теңир урсун, кудай урсун", "теңир урган, кудай урар, кудай алсын, урсун кудай, кудай кылды, кудай астын кыл", "ислам динин туткан, мусулман", "жарык", "сүт, сүттүн өңү, сүттүн азыктары", "кар,

кардын өңү", "аппак", "жолдуу, жолу ачык, ойлогону орундалуучу", "ак жолтой, ак жолум", "ак тилек", "пейили ак", "ак пейил, жамандыгы жок, жаман ниети жок", "арамзалыгы жок", "жакшы ниет, максатташ, ниеттеш", "чын пейили менен", "ак сакал", "куудай сакал, буурул сакал, ак ала сакал, аппак сакал", "ак чач", "таза, аруу", "даана, нак, накта", "боз, боппоз, кула, кызыл, буурул, куу, ала", "туура, чын, калыс", "күнөөсүз, жазыксыз, айыпсыз", "көркөм, асем", "сулуу, ажарлуу, келишимдүү, сымбаттуу, сүйкүмдүү", "батыш (ак деңиз)", "ырайымсыз, коркунучтуу (ак бороон)", "ынтыкмаксыз, биримдиксиз (ала болсоң)".

"Кара" деген сөз: "жаман", "ырайымсыз", "жагымсыз", "коркунучтуу", "кырсыктуу", "динсиз, капыр", "тозок", "караңгы түн, көзгө сайса көрүнгүс, түндүн ыраңындай, көрдүн ичиндей, көмүрдүн, көөнүн өңү түсүндөй", "капкара, каралжын", "улгайган (кара сакал)", "жолсуз, жолу тосулуу, ойлогону орундалбаган", "таза эмес", "жакшылыгы жок, жакшы ниетте эмес, арамза", "орой, терс кыял, мүнөзү терс", "ичи жаман", "жакшылык кылбаган, ак санабаган, жамандык ойлогон", "туура эмес, таза эмес, күнөөлүү, айыптуу", "жалган, калп", "сулуу, сүйкүмдүү, ажарлуу, келишимдүү, келбеттүү, татынакай, сымбаттуу", "жалгыз, жеке өзү, керт баш", "адам, киши", "караан, сөлөкөт", "чылк жаман", "мылтык, жебе", "кекетүү, мокотуу", "кудайсыз, бөлөк, чоочун, динсиз, капыр", "жөнөкөй, карапайым", "эл, будун, көпчүлүк", "кембагал, жарды, томаяк", "муң-зар, ый, кайгы, азап, тозок", "бактысыз", "жесир", "кул", "жалчы", "мээнет", "балакет", "ааламат", "жансыз, кургак", "эсинен таануу, акылынан адашуу, мээнет басуу, кырсыкка кабылуу", "кара басты, шайтан басты", "уятсыз, бети жок, шерменде, бетпак", "абийирсиз, адамгерчиликсиз", "жараксыз, керексиз, колдонуудан чыгып калган", "арыбас, талыбас, чарчабас, күчтүү, мыкты, күлүк, таза кандуу", "жамандык ойлобогон, ак ниет, чын



пейил, пейили таза, арамы жок", "эр жүрөк, баатыр, коркпос, тайманбас", "айыккыс", "укуксуз, тексиз, пулсуз, кунсуз, эрксиз", "кенен, жайык", "түз", "узун", "чоң", "бодо мал", "белги, даража, наам", "перзент, бала, туяк", "таяныч, тирек, жөлөк, медер, эш (тутуу)", "чоң, опсуз, зор, улуу".

"Манас" эпосундагы этнонимдер" аттуу экинчи параграфта "ак" жана "кара" деген эпитеттерден турган этнонимдер элдер менен уруулардын өң-түстөрүнө карата айтылбастан, алардын территориялык, аймактык жактан дүйнөнүн кайсы бурчунда жашагандыгын билгизет. Ак - батыш (Ак деңиз), кара - түндүк (кара кытай), "эң байыркы, байыркы, улуу", "өтө көп, опсуз көп, жер жайнаган, кумдай куюлган, жерге чыккан чөптөй, кара курттай, эсеп жеткис, быкылдаган, кырса түгөнгүс, бүткүл" деген маанилерди туюндурат.

Жыйынтыктап айтканда "Манас" эпосунун "ак" жана "кара" деген эстүшүнүктөрү табигый түрдө "жакшылык" менен "жамандык" деген эстүшүнүктөрү табигый түрдө "жакшылык" менен "жамандык" деген эс-

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ ТӨМӨНКҮ БАСЫЛМАЛАРДА ЖАРЫК КӨРДҮ

1. "Манас" эпосундагы "жакшылык", "жамандык" түшүнүктөрүнүн эпикалык формалары. Монография. Бишкек. БГУ, 1997. — 10 б.т.
2. "Манас" эпосундагы жалпы адамзаттык идеялар. Жогорку окуу жайларынын студенттери жана кыргыз адабияты мугалимдери үчүн. Окуу куралы. Бишкек. ИИМ, 1999. — 16,5 б. т.
3. Легендардык ырчылар жана манасчылар. (Авторлош М. Жумалиев). Илимий-популярдык эмгек. Бишкек. Шам, 1999. — 6 б.т.
4. Манасчылар боюнча түшүнүк берүү. (Авторлош К.Абдыкадыров) Методикалык колдонмо. Бишкек. КМУ. 1991. — 1,5 б.т.
5. "Манас" эпосунда жаштарды гумандуулукка тарбиялоо. Окуу куралынын колдонмосу. Бишкек. КМУ, 1993. —3 б.т.
6. "Манастаануу" атайын курсунун окуу программасы. Бишкек, 1998. — 2,25 б.т.
7. "Манас" эпосун окутуудагы айрым ыкмалар // "Эл агартуу". 1986, № 4. — 0,6 б.т.
8. "Манас" эпосунда аялдар улуу патриот. // "Кыргызстан аялдары". 1986, № 9. — 0,8 б.т.
9. Манасчылар жөнүндө түшүнүк берүү // "Эл агартуу" журналы. 1987, № 5 — 0,8 б.т.
10. Эпикалык катарсис. // "Эл агартуу", 1997. № 10-12. — 0,4 б.т.
11. Гуманизм. Сүйүнчү. Эмгек (Авторлош К. Дүйшенбекова). Манас энциклопедия. I, II т. — Бишкек. Мурас, 1995. — 0,4 б.т.
12. Жакшылык жана жамандык түшүнүктөрүнүн эпикалык формалары. "Манас" эпосунун 1000 жылдыгына карата уюштурулган илимий конференциянын материалдары. Коомдук-гуманитардык илимдер. Тезис. Бишкек. КАСИ, 1995. — 0,7 б.т.



13. Кыргыл чалдын образы. Түрк элдеринин тили жана адабиятынын актуалдуу маселелери. Ч. Айтматовдун 70 жылдык маарекесине арналган Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. Тезис. Бишкек. Мурас, 1998. — 0,9 б.т.

"Манас" эпосундагы "жакшылык", "жамандык" маселесинин көркөм чагылышы

## Р Е З Ю М Е

Бул диссертациялык эмгекте "Манас" эпосундагы "жакшылык", "жамандык" проблемасына алгачкы ирет изилдөө жүргүзүлдү. Манастаануу илиминде бул проблеманын фольклордук-эстетикалык маани-маңызы биринчи планга коюлуп, конкреттүү тексттик талдоонун негизинде иш жүзүнө ашырылат. Эпостун идеялык мазмуну жана образ системасын анализдөө изилдөөнүн негизги объектиси болгон "жакшылык", "жамандык" проблемасы менен эриш-аркак, бөлүнбөс бирдикте жүргүзүлөт. Натыйжада, улуу эпостун көркөм системасынан орун алган жүздөгөн образдар "жакшы", "жаман" деген антиномия - туюнтмалардын негизинде үч топко бөлүнүп, ар бир топтун эң мүнөздүү, эң ачык образдары кеңири талдоого алынды.



Художественное отображение проблемы "добра" и "зла" в эпосе "Манас"

## Р Е З Ю М Е

В диссертационной работе рассматривается проблема "добра" и "зла" в эпосе "Манас". Данная проблема в манасоведении ставится впервые и реализуется на основе конкретного текстуального анализа. При этом эпическое содержание и система образов анализируется в тесной органической связи с центральной проблемой, а именно с проблемой "добра" и "зла". В результате сотни персонажей, образующие художественную структуру монументального эпоса подразделяются на три группы по своим антиномическим параметрам, соответствующим фольклорным понятиям "добра" и "зла". В этом плане все наиболее целостные и яркие образы подвергнуты подробному текстуальному анализу.

The literary depiction of the problem
of "good" and "evil" in the epic "Manas"

## REVIEW

The research work reveals the problem of "good" and "evil" in epic "Manas". The given problem is taken for the first time in manas studies and is being realized based on concrete textual analyses. The epical plot and the system of types is analysed in close relation with the central problem, problem of "good" and "evil".

As the result there are hundreds of personage, forming the literary structure of the monumental epic, are divided into three groups according to their antinominal features which suit the folklore notion of "good" and "evil". In this field all entire and bieght types are exposed to detailed textual analyses.



Техн.редактор *Н.В. Шумкина*

Подписано в печать 14.1.2000 г. Формат 60x84 1/16.
Отпечатано на ризографе. Бумага офсетная. Объем 2,0 п.л.
Тирах 100 экз. Заказ 19

720044, г. Бишкек, пр.Мира, 27
Типография БГУ